**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин
Буйругу № 863/1
«10» май 2022-ж.

Каттоо номери 8
Код 200724

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЕСИПТИК ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮСҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Адистиги: 110301 - «Айыл чарбасын механикалаштыруу»**

**Квалификациясы: Техник - механик**

**БИШКЕК 2022**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн 110301 - “Айыл чарбасын механикалаштыруу” адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары - Мамлекетти билим берүү стандарты) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.

2. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү түшүнүктөр пайдаланылат:

- негизги кесиптик билим берүү программасы – максаттарды, күтүлгүүчү натыйжаларды, тийиштүү адистик боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу- методикалык документтердин жыйыдысы;

- сабактардын цикли – окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу сабактарынын жыйындысы;

- модуль – окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу сабактарынын бөлүгү;

- компетенция - тийиштүү тармакта кесиптик иш менен алектенүү үчүн зарыл болгон жекече сапаттардын, билимдердин, ыктардын жана көндүмдөрдүн динамикалуу комбинациясы;

- кредит (зачеттук бирдик) – негизги кесиптик билим берүү прогрммасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу ченеми;

- окутуунун натыйжалары - негизги билим берүү программасы / модулу боюнча окутуунун натыйжасына ээ болгон компетенциялар.

-кесиптик стандарт – кесиптин тигил же бул түрүнүн алкагында кесиптик ишмердүүлүктүн мазмунуна жана сапатына карата талаптарды аныктоочу, кызматкер өзүнүн ордун татыктуу ээлөө үчүн кызматкердин квалификациясынын сапаттык деңгээлин баяндоочу негизги документ.

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу уюштуруу– укуктук формаларына карабастан, кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү мекемелери үчүн милдеттүү болуп саналат.

## 2- глава. Колдонуу жааты

3. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты 110301 - “Айыл чарбасын механикалаштыруу” адистиги боюнча (Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн адистиктеринининин тизмеси (мындан ары - Тизме) боюнча коду, адистиктин толук аталышы көрсөтүлөт) негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда милдеттүү болгон

ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын билдирет жана Кыргыз Республикасынын аймагында лицензиясы жана аккредитациясы бар, уюштуруу-укуктук формасына карабастан кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарынын уюштуруу – методикалык документтерди иштеп чыгуусу, кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоосу үчүн негиз болуп эсептелинет.

4. 110301 - “Айыл чарбасын механикалаштыруу” адистиги боюнча Малекеттик билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- ушул адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууга укуктуу билим берүүнүн уюмдарынын администрациясы жана педагогикалык курамы;
- ушул адистиктеги негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу студенттер;
- кесиптик иштин тийиштүү чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- кесиптик орто билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- кесиптик орто билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышын контролодоону камсыз кылуучу, кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндө аккредитациялоочу жана сапатын контролдоочу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар.
- уюмдарды жана окуу программаларын аккредитациялоочу аккредитациялык агентстволор.

## 3-глава. Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү

5. 110301 - “Айыл чарбасын механикалаштыруу” адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүүсүнүн программасын өздөштүрүү формалары:

- күндүзгү;
- күндүзгү – сырттан окуу (кечки);
- сырттан окуу.

6. Жалпы орто билим берүүнүн базасында күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн адистиги боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 1 жыл 10 айдан кем эмести түзөт. Ушул кесиптик билим берүү программасын негизги жалпы

билим берүүнүн базасында ишке ашыруу учурунда өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтү 1 (бир) жылга узартылат.

7. Кесиптик орто билим берүү программасына интеграцияланган жалпы орто билим берүүнүн жалпы билим берүү программасын (10 жана 11-класстар) ишке ашырууда жалпы орто билими жөнүндө документ (аттестат) берилбейт, ал эми сабактар боюнча баалар кесиптик орто билим берүү жөнүндө документке (дипломго) коюлат.

8. Абитуриентте окууга тапшырууда төмөнкү документтердин бири болуусу тийиш:

- жалпы орто билими жөнүндө аттестат;
- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк.

9. Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган жана аралыктан билим берүү технологиялары пайдаланылган учурда кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү мөөнөтү кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан күндүзгү окуу формасында өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтүнө карата 6 айга узартылат.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү өзүнчө ченемдик укуктук акт менен бекитилет.

10. Күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларынын эмгек сыйымдуулугу 120дан кем эмес кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт. Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитке (зачеттук бирдикке) барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп уюштурулган учурда).

Бир кредит (зачеттук бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичине аудиториялык, өз алдынча иши жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет).

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган жана аралыктан билим берүү технологиялары пайдаланылган учурда негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугу окуу жылы үчүн 45тен кем эмес кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт.

11. Инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатында 110301 - “Айыл чарбасын механикалаштыруу” адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары.

110301 - “Айыл чарбасын механикалаштыруу” адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын окутуу жаатындагы максаты болуп төмөнкүлөр саналат: гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый илимдердин негиздери жаатында даярдоо, бүтүрүүчүгө тандап алган иш чөйрөсүндө ийгиликтүү иштөөгө, анын социалдык мобилдүүлүгүнө жана эмгек рыногундагы туруктуулугуна түрткү берүүчү универсалдуу жана

предметтик адистешкен компетенцияларга ээ болууга мүмкүндүк берүүчү кесиптик орто билим алуу.

110301 - “Айыл чарбасын механикалаштыруу” адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын инсанды тарбиялоо жаатындагы максаты болуп төмөнкүлөр саналат: максатка умтулгандык, уюшкандык, эмгекчилдик, жоопкердик, жарандуулук, коммуникативдүүлүк, толеранттуулук, жалпы маданиятын жогорулатуу.

12. 110301 - “Айыл чарбасын механикалаштыруу” адистиктин бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишинин тармагы төмөнкүлөрдү камтыйт: айыл чарбасына тиешелүү болгон машиналарды, механизмдерди, орноткучтарды, айыл чарба багытына ылайыкташкан жана башка инженердик-технологиялык жабдууларды техникалык жактан тейлөө, туура пайдаланууга берүү, кызмат кылууну камсыздоо иштерин аткаруу жана уюштуруу.

13. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин объектилери болуп төмөнкүлөр саналат:

- машиналар, механизмдер, орноткучтар, айыл чарба багытына ылайыкташкан жана башка инженердик-технологиялык жабдуулар;
- “B”,”C” категориясындагы автомобилдер;
- оңдоочу жана техникалык тейлөөнүн стационардык жана көчмө каражаттары;
- айыл чарбасы үчүн дайындалган технологиялык даярдык процесстери, пайдаланууга берүүлөр, машиналарды техникалык жактан тейлөө жана диагностикалоо, механизмдер, орноткучтар, айыл чарба багытына ылайыкташкан жана башка инженердик-технологиялык жабдуулар;
- айыл чарба өндүрүшүнүн түзүмдүк бөлүмдөрүндөгү уюштуруу жана башкаруу процесстери;
- баштапкы эмгек жамааттары;
- айыл чарбасын механизациялаштыруу чөйрөсүндөгү жеке ишкердик.

14. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин түрлөрү:

- өндүрүштүк-технологиялык;
- уюштуруу жана башкаруучулук;
- кеңеш берүүчүлүк;
- эсептөө жана долбоордук.

15. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин милдеттери:

- өндүрүштү-технологиялык:

техникалык документтер боюнча бекитилген айыл чарба жана мелиорация техникаларын, автомобилдерди, тракторлорлорду натыйжалуу пайдаланууну пландоо, уюштуруу;

айыл чарба жана мелиорация техникаларынын, автомобилдердин, тракторлордун учурдагы оңдоолорун сапаттуу өткөрүүнү уюштуруу;

айыл чарба жана мелиорация техникаларын, автомобилдерди, тракторлорду пайдаланууга берүү тармагындагы эрежелерди жана ченемдерди иштетүүдөгү жоболорду ишке ашыруу;

айыл чарба жумуштарындагы технологиялык чиймелерди иштеп чыгуу;

айыл чарба жана мелиорация техникаларын тандоо, аны пайдаланууга берүүгө тиешелүү сапаттарын жана аткаруунун натыйжалуулугун камсыздоо.

-уюштуруу-башкаруучулук:

өндүрүштүк иштерди пландоо учурларында түзүлгөн ыңгайсыз абалдарда туура чечимдерди тандоо жана негиздүү башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу, жамааттын ишин уюштуруу;

өндүрүштүк ишмердүүлүктүн экономикалык натыйжасына баа берүүгө катышуу;

кесиптик компетенциянын чегинде маселелерди жеткире билүү жана аларды чечүүнүн жолдорун аныктоо;

заманбап маалымат технологияларын колдонуу менен, кесиптик маселелерди чечүү үчүн, керектүү маалыматты издөөнү ишке ашыруу;

айыл чарба жана мелиорация техникаларынын операторлорун, трактористтерди, айдоочуларды түздөн-түз өндүрүштө жана жумуш иштөө учурунда өрткө каршы коргонуу жана агроөнөржай тазалыгы, техника коопсуздугу, эмгекти коргоонун ченемдерин жана эрежелерин аткарууну камсыз кылуу;

- кеңеш берүүчүлүк:

айыл чарбасын механизациялаштыруудагы ар кандай маселелерде жана көйгөйлөрдө кеңештерди берүү;

агроөндүрүш ишканаларынын өндүрүштүк- чарбалык ишмердүүлүгүнүн маселелерин анализдөөдө кеңештерди берүү;

- эсептөө-долбоордук:

экологиялык жана экономикалык коопсуздуктун көрсөткүчтөрүн эске алуу менен алдыга койгон максаттарга жетүү үчүн маселелерди аныктоо, маселелерди чечүүнүн приоритеттүү чечимдерин табуу, алардын байланыш түзүмдөрүнүн түзүлүшүн, технологиялык процессти механизациялоо долбоорунун максаттарын түзүү;

долбоорлорду ишке ашырууну пландоодо, көйгөйлөрдү чечүүнүн жалпыланган варианттарын иштеп чыгуу, ал варианттарды анализдөө, натыйжаларды божомолдоо, аныкталбаган , көп кырдуу критерийлердин шарттарында, бир пикирге келүүчү чечимдерди табуу;

алдыга умтулуучу долбоорлоо чечимдерин колдонуу менен, аракеттеги ченемдик документтердин негизинде, механизация боюнча ар кандай технологиялык процесстердеги технологиялык карталарды түзүүгө зарыл болгон документтерди даярдоо;

16. Бүтүрүүчүлөрдүн билимин улантуу мүмкүнчүлүгү.

Кесиптик орто билим берүүнүн 110301 - “Айыл чарбасын механикалаштыруу” адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүлөргө даярдалды:

- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;

- жогорку кесиптик билим берүүгө даярдоонун тийиштүү адистиги жана ага жакын багыттар боюнча тездетилген мөөнөттө жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө (610300-“Агроинженерия”).

## 4-глава. Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар

17. Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. Негизги кесиптик билим берүү программасы эмгек рыногунун керектөөлөрүн эске алуу менен, адистик боюнча тийиштүү Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгат.

Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары негизги кесиптик билим берүү программасын илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен, билим берүү сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөнкүлөрдөн турган сунуштарга ылайык 5 жылдан көп эмес убакыт сайын жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуудан;

- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоого мониторинг жүргүзүүдөн;

- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгуудан;

- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуудан;

- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуудан, аларды колдонуунун натыйжалуулугун контролдоодон, анын ичинде окуп жаткандарга сурамжылоо жүргүзүү жолу менен;

- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү уюмдары менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүүдөн;

- коомчулукка өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө маалымдоодон.

18. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо аларды учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону камтышы керек.

Студенттерди учурдагы аттестациялоо кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан белгиленген (педагогикалык кеңеш бекиткен) баалоонун модулдук-рейтингдик системасынын негизинде окуу семестринин ичинде жүргүзүлөт.

Студенттерди орто аралык аттестациялоо ар бир семестрдин аягында жүргүзүлөт жана бардык сабактар боюнча семестрдеги учурдагы аттестациялоонун жыйынтыктары боюнча жыйынтык баалар (экзамендик баалар) коюлат.

Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы мамлекеттик аттестациялык сыноолордун төмөндөгүдөй түрлөрүнөн турат: өзүнчө дисциплина (Кыргызстандын тарыхы) боюнча жыйынтыктоочу экзамен, бүтүрүүчү квалификациялык ишин коргоо же кесиптик дисциплина боюнча дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу экзамен.

Жыйынтыктоочу аттестацияга окуу планында каралгандай, окутуунун толук курсун аяктаган жана академиялык карыздары жок бүтүрүүчүлөр киргизилет.

Негизги кесиптик билим берүү программасына ылайык келген этаптуу же түпкү талаптарга студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн жеке жетишкендиктеринин шайкеш келишине карата студенттерди учурдагы, орто аралык аттестациялоо жана бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациялоо үчүн билимин, билгичтигин жана ээ болгон компетенцияларынын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү типтүү тапшырмаларды, контролдук иштерди, модулдук тесттерди камтыган баалоо каражаттарынын базалары түзүлөт. Баалоо каражаттарынын базалары кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

19. Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык компетенцияларын (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн-өзү уюштурууну жана системалык-иш мүнөзүндөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өзүнүн социалдык-маданий чөйрөсүн түзүүгө;

- инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;

- студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий

студенттик коомдордун ишине катышуусун кошкондо, окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин өнүктүрүүгө түрткү берүүгө.

20. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун негизги кесиптик билим берүү программасы студенттин тандоосу боюнча сабактардын ар бир циклинин вариативдүү бөлүгүнүн үчтөн биринен кем эмес көлөмдө сабактарды камтуусу керек. Студенттин тандоосу боюнча сабактарды түзүүнүн тартибин кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши белгилейт.

21. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга;

- негизги кесиптик билим берүү программасын түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга;

- студенттер тандап алган сабактар алар үчүн милдеттүү болуп калаарын, ал эми алардын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө.

22. Студенттер тандоосу боюнча окуу сабактарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде негизги кесиптик билим берүү программасында каралган конкреттүү сабактарды тандап алууга укуктуу.

23. Студенттер кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму негизги кесиптик билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

24. Студенттер негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

25. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкары (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Күндүзгү окуу формасындагы бир жумалык аудиториялык сабактардын көлөмү Мамлекеттик билим берүү стандарты менен аныкталат жана адистиктин өзгөчөлүгүн эске алуу менен, ар бир окуу сабагын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35 пайызынан кем болбоосу керек.

26. Күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасында аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан кем болбошу керек.

27. Сырттан окуу формасында окутуучу менен сабак окуу мүмкүндүгү студентке жылына 150 сааттан кем эмес көлөмдө камсыз кылынуусу керек.

28. Окуу жылындагы эс алуу убагынын жалпы көлөмү 10 жуманы, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмести түзүүсү керек.

## 5-глава. Негизги кесиптик билим берүү программасына карата талаптар

29. 110301 - "Айыл чарбасын механикалаштыруу" адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана ушул Мамлекеттик билим берүү стандартынын 11 жана 15-пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

а) жалпы:

ЖК1 - өз ишин уюштурууну, кесиптик милдеттерди аткаруу методун жана ыкмаларын тандоону, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоону билүү;

ЖК2 - стандарттык жана стандарттык эмес абалдарда чечим кабыл алуу, маселелерди чечүү, жоопкерчиликти жана демилге көтөрүү;

ЖК3 - кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издөө, чечмелөө жана пайдалануу;

ЖК4 - кесиптик ишинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу;

ЖК5 - командада иштөөнү, кесиптештер, жетекчилер жана кардарлар менен натыйжалуу баарлашууну билүү;

ЖК6 - команда мүчөлөрүнүн (кол алдындагы) иши жана аларды иш орунда окутуу, тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыгы үчүн жоопкерчилик алуу;

ЖК7 - жеке инсандык жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик иште эмгек шарттарынын жана технологиялардын өзгөрүүсүнө адаптациялануу;

ЖК8 - чакан жамаат менен уюштуруу-башкаруу иштерине даяр болуу.

б) кесиптик иштин негизги түрлөрүнө ылайык келген кесиптик:

өндүрүштүк- технологиялык иши:

КК1 - айыл чарба жана мелиорация техникаларын оңдоо, техниалык жактан тейлөө, натыйжалуу пайдаланууга берүү иштерин пландоо жана уюштуруу; айыл чарба жана мелиорация техникаларын, автомобилдерди, тракторлорду натыйжалуу пайдаланууну ишке ашыруу;

КК2 - айыл чарба азыктарын өндүрүүнүн жүрүшүндө алдыңкы механикалык иштердин технологияларын колдонуу;

КК3 - айыл чарба жана мелиорация машиналарынын жана жабдыктардын, автомобилдердин, тракторлордун техникалык абалын диагностикалык каражаттардын жардамы менен аныктоо;

КК4 - берилген айыл чарба жана мелиорация жумуштарынын көлөмүн аткарууда машиналардын, жабдуулардын күйүүчү жана майлоочу материалдарга болгон керектөөлөрүн аныктоо;

уюштуруу – башкаруучулук иши:

КК5 - айыл чарба жана мелиорация техникаларын оңдоонун жана пайдаланууга берүүнүн жана иштөө графиктеринин планын түзүү;

КК6 - пландоо жана отчеттук документтерди жасоо;

КК7 - техникаларды колдонуунун жана аларды колдонуудагы натыйжалуулуктун экономикалык көрсөткүчтөрүн анализдөө;

КК8 - ишти аткаруу учурунда эмгек коопсуздугунун эрежелери сакталып жатканына көзөмөл жүргүзүүнү ишке ашыруу;

КК9 - айыл чарба жана мелиорация техникаларын оңдоодо жана техникалык жактан тейлөөдө, пайдаланууга берүү процессинде өрткө каршы жана техника коопсуздугу боюнча иш-чаралардын көрсөтмөлөрүн өткөрүп жана эмгекти коргоо боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу.

кеңеш берүүчүлүк иши:

КК10 - кесиптик ишинин тармагында кызмат көрсөтүү жана өндүрүш процесстерин ыңгайлаштыруу боюнча чараларды иштеп чыгууга катышуу;

КК11 - айыл чарбасын механизациялаштыруу боюнча ар кандай милдеттер жана көйгөйлөр тууралуу кеңештерди берүү;

КК12 - агроөндүрүштүк ишканалардын өндүрүштүк-чарбалык ишмердүүлүгүн анализдөөдөгү суроолор боюнча кеңештерди берүү.

эсептөө жана долбоордук иши:

КК13 - жүргүзүлүп жаткан ченемдик документтерге ылайык, долбоорлоо жана техникалык документтерди даярдоо;

КК14 - айыл чарбасын механизациялоо иштери боюнча долбоорлорду иштеп чыгууда пайдаланууга берүүчү материалдарды жана жабдууларды тандоо үчүн ченемдик жана сурап - билүүчү адабияттарды пайдалануу;

КК15 - кесиптик ишиндеги милдеттерди чечүүдө эсептөө техникаларынын каражаттарын колдонуу;

КК16 - негизги техника-экономикалык көрсөткүчтөрдү эсептөө, өндүрүштүк ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун баалоо, техника коопсуздугунун абалын баалоо жана анализдөө, экологиялык жана курчап турган чөйрөнү коргоо коопсуздугунун талаптарын аткаруу.

30. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы төмөнкү окуу циклдерин үйрөнүүнү карайт:

1. жалпы гуманитардык цикл;
2. математикалык жана табигый илимдер циклы;
3. кесиптик цикл;
4. дене тарбия;

2-блок “Практика”;

3-блок “Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация”;

Кесиптик орто билим берүү мекемеси мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык негизги билим берүү программасын иштеп чыгат жана улуттук квалификациялык базага ылайык окутуунун натыйжаларына жетишүү үчүн жоопкерчилик тартат.

Негизги билим берүү программасынын ар бир блогуна кирген модулдардын жыйындысын, натыйжаларга карата талаптарды эске алуу менен орто окуу жай мекемеси өзү жекече аныктайт.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы ушул стандартка тиркелген түзүмгө ылайык иштелип чыгат.

31. Сабактардын ар бир циклы базалык (милдеттүү) жана вариативдик бөлүккө ээ болушу керек. Вариативдүү бөлүк базалык бөлүктүн сабактарынын мазмуну менен аныкталуучу студенттердин билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк берет. Вариативдүү бөлүк кесиптик орто окуу жайы тарабынан ишке ашырылуучу кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша белгиленет.

Милдеттүү бөлүктүн көлөмү, мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эсепке албаганда, негизги билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн 50 пайызынан ашпоого тийиш.

Орто кесиптик билим берүү мекемеси ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга (алардын арызы боюнча) негизги билим берүү программасы боюнча окуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга; алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен, бул адамдардын өнүгүүсүнүн бузулууларын жана социалдык адаптациясын коррекциялоону камсыз кылуу.

Практика келечектеги кесиптик ишмердүүлүк менен байланышкан, айрым иштердин түрлөрүн аткаруунун жүрүшүндөгү практикалык көндүмдөрдү жана компетенцияларды өстүрүүгө, бекитүүгө, түзүлүүсүнө багытталган билим берүү ишмердүүлүгүнүн түрүн билдирет. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда практиканын төмөндөгү түрлөрү каралган: окуу жана өндүрүштүк. Практиканы жетектөө кесиптик орто билим берүү мекемесинин окутуучулук курамы тарабынан ишке ашырылат. Практиканын максаттары жана милдеттери, программалары жана отчетторунун формалары ар бир түрү боюнча кесиптик орто билим берүү мекемеси тарабынан аныкталат.

32. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу окутулуучу сабактын профилине ылайык келген базалык билими бар жана системалык түрдө илимий жана (же) илимий-методикалык иш менен алектенген педагогикалык кадрлар менен камсыздалышы керек.

Кесиптик циклдын окутуучулары даярдоонун тийиштүү адистиги/багыты боюнча жогорку кесиптик билимге ээ болуулары керек (авиациялык адистиктерден башкалары).

Профессионалдык циклдин мугалимдеринин сапаттык курамын баалоодо 10 жылдан ашык стажы бар өндүрүш кызматкерлери эске алынат.

Кесиптик билим берүү программасында штаттагы окутуучулардын үлүшү жалпы окутуучулардын санынын 80% дан кем болбоосу керек. Окутуучу/студенттин ченемдик катышы 1 : 12 ден ашык эмес.

33. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда негизги кесиптик билим берүү программасынын сабактарынын толук тизмеси боюнча түзүлүүчү маалыматтар базасын жана китепкана фондун ар бир студенттин колдонуусу камсыз кылынышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды (түзүлүүчү компетенцияларды эсепке алуу менен аныкталат) камтууга тийиш.

Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана/же электрондук адабият менен студенттердин камсыз болуусу бир студентке 0,5 экземплярдагы ченемге жана лабораториялык, курстук иштерге методикалык көрсөтмөлөр 1:1 ылайык келиши керек. Окуу маалыматынын булактары заманбап талаптарга жооп берүүсү керек. Билим берүү процессинде мыйзам чыгаруу актылары, ченемдик документтер, кесиптик багыт берүүчү мезгилдүү басылмалардын материалдары пайдаланылышы керек.

34. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун окуу планында каралган лабораториялык, дисциплиналык жана дисциплиналар аралык даярдоонун, студенттерди практикалык даярдоонун бардык түрүн жүргүзүүнү камсыз кылган, колдонуудагы санитардык жана өрткө каршы эрежелер менен ченемдерге ылайык келген материалдык-техникалык базасы болушу керек. 1 студентке болгон ченемдик маанидеги керектүү аянт 7 $м^2$ болуш керек, 2 сменалык сабакты эске алуу менен.

35. Бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө карата талаптар Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин токтомуна ылайык кесиптик орто билим берүүчү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобону эске алуу менен кесиптик орто окуу жайы тарабынан аныкталат.

**110301 - Айыл чарбасын механикалаштыруу адистиги боюнча программаны ишке ашыруу үчүн окуу кабинеттери жана лабораториялар**

| № п/п | Бөлүмдөрдүн аталышы | Бөлүмдөрдүн саны |
|---|---|---|
| 1. | Окуу-өндүрүштүк имараттар/корпустар/. Жалпы бирдиктер | 1 |
| | Окуу кабинеттери | 15 |
| | анын ичинде адистештирилгендери | 6 |
| | - лабораториялар | 3 |
| | -окуу мастерскойлору | 1 |
| 2. | Спорттук комплекс (спорттук зал, ачык стадион сторттун түрлөрү боюнча) | 2 |
| 3. | Жыйындар залы | 1 |
| 4. | Китепкана | 1 |
| 5. | Окуу залы | 1 |
| 6 | Ашкана | 1 |
| 7 | медпункт | 1 |

**110301 - Айыл чарбасын механикалаштыруу адистиги боюнча программаны ишке ашыруу үчүн лабораториялардын, окуу кабинеттеринин материалдык-техникалык жактан жабдылышы**

| №п/п | Аты | Жабдуулар |
|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили жана адабияты кабинети | Лицензияланган программалык камсыздоосу менен компьютер,<br>мультимедиалык проектор, окуу жана маалыматтык адабияттар. |
| 2 | Орус тили жана адабияты кабинети | Лицензияланган программалык камсыздоосу менен компьютер,<br>мультимедиалык проектор, окуу жана маалыматтык |

| | | |
|---|---|---|
| | | адабияттар. |
| 3 | Чет тили кабинети | Лицензияланган программалык камсыздоосу менен компьютер,<br>мультимедиалык проектор, окуу жана маалыматтык адабияттар. |
| 4 | Кыргызстандын тарыхы сабагынын кабинети | Лицензияланган программалык камсыздоосу менен компьютер,<br>мультимедиалык проектор, окуу жана маалыматтык адабияттар. |
| 5 | Социалдык-экономикалык дисциплиналар кабинети | Лицензияланган программалык камсыздоосу менен компьютер,<br>мультимедиалык проектор, окуу жана маалыматтык адабияттар. |
| 6 | Тренажёрдук жана спорттук залы | Спорттук тренажёрлор, негизги керектүү спорттук инвентарь, баскетбол үчүн тактайлар, теннис столдору-3 |
| 7 | География жана жашоо тиричилик коопсуздугу сабагынын кабинети | Лицензияланган программалык камсыздоосу менен компьютер,<br>мультимедиалык проектор, экран, зарыл көрсөтмө куралдар жана стенддер. |
| 8 | Математика кабинети | Лицензияланган программалык камсыздоосу менен компьютер, геометриялык телолор, бурчтар, циркуль, маалыматтык адабияттар, магниттик доска, математикалык формулалар менен стенддер |
| 9 | Информатика кабинети | Лицензияланган программалык камсыздоосу менен компьютер, принтер, маалымат материалдары, заманбап керектүү окуу программалары, мультимедиялык проектор |
| 10 | Чийме геометриясы и | Лицензияланган программалык камсыздоосу менен |

| | | |
|---|---|---|
| | инженердик графика кабинети | компьютер, мультимедиалык проектор, экран, стенддер, чийме аспаптары (циркуль, үч бурчтуктар, штангенциркуль, микрометр, сызгыч), чийме моделдерин, монтаждоо агрегаттарын жана тетиктерин, окуу жана маалыматтык адабияттар. |
| 11 | Теоретикалык механика кабинети | Механикалык трансмиссия моделдери (чынжырлуу, тиштүү), муфтанын модели, подшипник комплекти, машина тетиктеринин комплекти, стендер, макеттер, плакаттар, лицензияланган программалык камсыздоосу менен компьютер, мультимедиалык проектор, экран, окуу жана маалыматтык адабияттар. |
| 12 | Материал таануу жана конструкциялык материалдардын технологиясы кабинети | Лицензияланган программалык камсыздоосу менен компьютер, мультимедиалык проектор, экран, түрдүү моделдеги микроскоптор, жылмалоочу айланалар, ар кандай материалдардан жана эритмелерден жасалган тетиктердин жана буюмдардын жыйындысы, кесүүчү жана бургулоочу шаймандардын топтому,<br><br>токардык станктор, порошок түрүндөгү металл материалдары, сварка үчүн электроддор , проектор, стенддер, макеттер, эритме үлгүлөрү , окуу адабияттары, лабораториялык жабдуулар. |
| 13 | Электротехника жана электроника кабинети жана лабораториясы | Лицензияланган программалык камсыздоосу менен компьютер, мультимедиалык проектор, экран, электротехника жана электрониканын негиздери боюнча лабораториялык иштерди жүргүзүү үчүн универсалдуу лабораториялык стенддер (кейстер) - 6 даана, диапроектор , электрокыймылдаткыч, токту өлчөөчү приборлор, энергия булактары. |
| 14 | Машина-трактордук паркты иштетүү кабинети жана лабораториясы | Лицензияланган программалык камсыздоосу менен компьютер, мультимедиалык проектор, экран, лабораториялык жумуштарды аткаруу үчүн универсалдуу лабораториялык стенддер (кейстер), дөңгөлөк тегиздөөчү жабдуулар, тормоздук стенд, манометр жана ачкычтар топтому. |

| | | |
|---|---|---|
| 15 | Мастерскойлор: слесарь-механикалык | Студенттердин саны боюнча жумуш орундары; окутуучунун жумуш орду; верстаки; слесардын шаймандары, станоктор, наковальни, фрезердик станоктор, курчутуучу станок. |
| 16 | Ишенимдүүлүк жана машиналарды оңдоо кабинети жана лабораториясы | Лицензияланган программалык камсыздоосу менен компьютер, мультимедиалык проектор, экран, лабораториялык жумуштарды аткаруу үчүн универсалдуу лабораториялык стенддер (кейстер) буюмдун бышыктыгын оюу жолу менен аныктоочу аппарат, цилиндрди оңдоочу станок, майдалоочу станок, май жана күйүүчү май насосторун сыноо жана оңдоо үчүн жабдуулар. |
| 17 | Айыл чарба өндүрүшүнүн негиздери боюнча кабинет | Лицензияланган программалык камсыздоосу менен компьютер, мультимедиалык проектор, экран, керек болгон визуалдык макеттердин, инструменттердин, материалдардын жана стенддердин комплекти. |
| 18 | Тракторлор жана автомобилдер үчүн кабинет | Лицензияланган программалык камсыздоосу менен компьютер, мультимедиалык проектор, экран, ар түрдүү маркадагы тракторлордун универсалдуу лабораториялык стенддери, майлоо системасы, электр менен жабдуу, тормоздоо, муздатуу, жарыктандыруу боюнча плакаттар. Бир маркадагы же бир нече маркадагы бардык тракторлордун макети, унаа тетиктеринин моделдери. |
| 19 | Методикалык кабинет | Компьютер, 3төн 1 (принтер, сканер, ксерокс), методикалык адабияттар, методикалыклык иштелмелер. |

Кесиптик орто билим берүүсүнүн

**БОЛЖОЛДУУ ОКУУ ПЛАНЫ**

110301 - “Айыл чарбасын механикалаштыруу” адистиги боюнча
Квалификациясы: техник - механик
Окутуунун формасы - күндүзгү
Окутуунун ченемдик мөөнөтү: - 2 жыл 10 ай негизги жалпы билим берүүнүн базасында;
- 1 жыл 10 ай жалпы орто билим берүүнүн базасында.

| к/№ | Окуу сабактарынын аталыштары (анын ичинде практикалар) | Жалпы сыйымдуулук | | Семестрлер боюнча болжолдуу бөлүштүрүү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кредиттер | Сааттар | 3 семестр | 4 семестр | 5 семестр | 6 семестр |
| | | | | Жумалардын саны | | | |
| | | | | 12-18 | 12-18 | 12-18 | 9-18 |
| **1.** | **Жалпы гуманитардык цикл** | **18** | **540** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **15** | **450** | | | | |
| | Кыргыз тили жана адабияты | 3 | 90 | x | | | |
| | Орус тили | 2 | 60 | x | | | |
| | Чет тили | 2 | 60 | | x | | |
| | Кыргызстандын тарыхы | 4 | 120 | | x | | |
| | Манастаануу | 2 | 60 | | x | | |
| | Кыргызстандын Географиясы | 2 | 60 | | x | | |
| | **Тандоо бөлүк** | **3** | **90** | | | | |
| | **Баардыгы:** | **18** | **540** | | | | |
| **2.** | **Математикалык жана табигый илимдердин циклы** | **6** | **180** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **4** | **120** | | | | |
| | Кесиптик математика | 2 | 60 | x | | | |
| | Информатика | 2 | 60 | | x | | |
| | **Тандоо бөлүк** | **2** | **60** | | | | |
| | **Баардыгы:** | **6** | **180** | | | | |
| **3.** | **Кесиптик цикл** | **75** | **2250** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **60** | **1800** | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3.1 | Чийме геометрия жана инженердик графика | 5 | 150 | x | | | |
| 3.2 | Теориялык механика | 5 | 150 | x | | | |
| 3.3 | Электротехника жана электроника | 4 | 120 | | x | | |
| 3.4 | Материалтаануу жана КМТ | 6 | 180 | | | x | |
| 3.5 | Метрология, станд-уу ж-а сертификациялоо | 3 | 90 | x | | | |
| 3.6 | Тракторлор жана автомобилдер | 5 | 150 | | | x | |
| 3.7 | Айыл чарба өндүрүшүнүн негиздери | 4 | 120 | | | x | |
| 3.8 | Гидравликанын негиздери | 4 | 120 | | x | | |
| 3.9 | Кесиптик ишмердүүлүктөгү маалымат технологиялары | 2 | 60 | | | x | |
| 3.10 | Кесиптик ишиндеги укук таануу | 3 | 90 | | | | x |
| 3.11 | Айыл чарба өндүрүшүн уюштуруу жана башкаруу | 2 | 60 | | | | x |
| 3.12 | Айыл чарба жана мелиоративдик машиналары | 5 | 150 | x | | | |
| 3.13 | Машина-трактордук парктарды иштетүү | 3 | 90 | | | | x |
| 3.14 | Ишенимдүүлүк жана машиналарды оңдоо | 3 | 90 | | | x | |
| 3.15 | Мал чарбачылыгындагы технологиялар жана машиналар | 3 | 90 | | | | x |
| 3.16 | Жол кыймылынын эрежелери жана коопсуздугу | 3 | 90 | | | | x |
| | **Тандоо бөлүк** | **15** | **450** | | | | |
| | **Баардыгы:** | **75** | **2250** | | | | |
| **4.** | **Дене тарбия** | | **Жумасына 2 саат** | x | x | x | |
| **5.** | **Практика** | **15** | **450** | | | | |
| **6.** | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация** | **6** | **180** | | | | |
| | Экзамендердин саны (макс) | | | 8-10 | 8-10 | 8-10 | 8-10 |
| | Курстук иштер/долбоорлордун саны | | | | | x | x |
| | **Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу** | **120** | **3600** | **30** | **30** | **30** | **30** |